Адамдар Сахл бин Саад Ас-Саадиге келип, минбардын жанынан өтүшүп жана андан минбардын жыгачы эмнеден экенин сурашканда ал мындай деди: "Аллахка ант болсун! Анын эмнеден экенин билбейм. Аны биринчи орнотулган күнү көрдүм жана биринчи күнү Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, анын үстүнө отурганын көрдүм. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Сахл деп атаган баланча ансар аялга мындай деп жөнөтөт: "Уста балаңа айт, мага минбар жасап берсин, мен адамдарга сүйлөгөндө ага отурайын. Ошондо ал аял кызматчысына буйруду. Ал кызматчысы аны токойдогу тамариск дарагынан жасады да аны аялга алып келди. Андан кийин ал аял аны Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, жөнөтөт. Ошондо Аллахтын Элчиси аны бул жерге коюуну буйруду. Андан соң мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, анын үстүндө намаз окуганын жана анын үстүндө турганда «Аллаху акбар» деп такбир айтканын, андан кийин анын үстүндө турганда рүкү кылганын, андан соң жүзүн артка бурбай ылдый түшүп, минбардын жанында сажда кылып, кайра кайтып чыкканын көрдүм. Намазды окуп бүткөн соң элге кайрылып: "Эй адамдар, мен муну

силер менин намазымды ээрчип, үйрөнсөңөр деп кылдым" - деп айтты".@

Абу Хазим бин Динар, радыяллаху анху, риваят кылат. Адамдар Сахл бин Саад Ас-Саадиге келип, минбардын жанынан өтүшүп жана андан минбардын жыгачы эмнеден экенин сурашканда ал мындай деди: "Аллахка ант болсун! Анын эмнеден экенин билбейм. Аны биринчи орнотулган күнү көрдүм жана биринчи күнү Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, анын үстүнө отурганын көрдүм. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Сахл деп атаган баланча ансар аялга мындай деп жөнөтөт: "Уста балаңа айт, мага минбар жасап берсин, мен адамдарга сүйлөгөндө ага отурайын. Ошондо ал аял кызматчысына буйруду. Ал кызматчысы аны токойдогу тамариск дарагынан жасады да аны аялга алып келди. Андан кийин ал аял аны Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, жөнөтөт. Ошондо Аллахтын Элчиси аны бул жерге коюуну буйруду. Андан соң мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, анын үстүндө намаз окуганын жана анын үстүндө турганда «Аллаху акбар» деп такбир айтканын, андан кийин анын үстүндө турганда рүкү кылганын, андан соң жүзүн артка бурбай ылдый түшүп, минбардын жанында сажда кылып, кайра кайтып чыкканын көрдүм. Намазды окуп бүткөн соң элге кайрылып: "Эй адамдар, мен муну силер менин намазымды ээрчип, үйрөнсөңөр деп кылдым" - деп айтты".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

"Адамдар сахабалардын бирине келип, Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, минбары жөнүндө: "Ал эмнеден жасалган?" - деп сурашты. Алар бул жөнүндө талашып-тартышып жатышты. Ошондо аларга мындай деп айтышты: "Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ансарлардан бир уста кызматчысы бар бир аялга жөнөтүп, ага Пайгамбар: "Балаңа айт, мага мен элге сүйлөгөндө отура турган минбар жасап берсин" - деди. Аял аны кабыл кылып, кызматчысына Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үчүн тамариск дарагынан минбар жасоону буйруду. Ал бүтүргөндөн кийин аны Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, жөнөттү. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, аны мечиттеги ордуна коюуга буйрук берди. Андан соң Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, анын үстүндө намаз окуду жана анын үстүндө турганда «Аллаху акбар» деп такбир айтты, андан кийин анын үстүндө турганда рүкү кылды. Андан соң ылдый түшүп, жүзүн артка бурбай артка карай басып, минбардын жанында сажда кылып, кайра кайтып келди. Намазды окуп бүткөн соң элге кайрылып: "Эй адамдар, мен муну силер менин намазымды ээрчип, үйрөнсөңөр деп кылдым" - деп айтты".

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65096